## ...ЫНЫМ КЫЗЫМ

Жарыгым кызым, жашоомдо жарык таӊ атып,
Жараткан сени жаныма шоола байлатып
Ак сүтүм берип, көлкүгөн мээрим төгүлүп,
Бапестеп бактым, түндөрдү далай узатып.
Жүзүӊдөн сүйүп , беш көкүл чачыӊ тарадым,
Бактыӊды тилеп, көзүмдүн жашын кулатып.

Убакыт шашат таӊ атса кайра күн батып,
Бой жеттиӊ кызым, сезимге бүлүк жаратып.
Билимиӊ жетик, акылык тетик, туптунук,
Ажарлуу кызсыӊ арканддан баарын каратып.
Узатып турам, келечек турмуш жолуна,
Жактырып тапкан жигитке колуӊ карматып.

Татыктуу жубай, бактылуу түгөй болот деп,
Ишенич артам, жакшылык күндөр келет деп.
Ак сүтүм актап, керилген келин бологой,
Кемчилик таппай кайненеӊ турсун элжиреп.
Жүгүнүп кирсеӊ кайнатаӊ берип батасын,
Алганыӊ турсун, аярлап колдон жетелеп.

Барагой кызым ак жолуӊ кенен ачылсын,
Жараткан колдоп түгөнгүс бакыт жазылсын.
Ак жолтой болуп, тартылган аппак көшөгө,
Ак бата менен, ак тилек, ойлор айтылсын.